КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"28" 11 2023-ж №234 Кызыл-Суу айылы

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 26- сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**Айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн "Башка жаратылыш активдерин пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдөн" декабрь айында кошумча түшө турган 1873,0 (бир миллион сегиз жүз жетимиш үч мин) сомго көбөйтүп берүү жөнүндө.**

2023-жылдын 2-кварталында жергиликтүү бюджеттен кирешелер бөлүгүнө "Башка жаратылыш активдерин пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдөн" кошумча түшкөн акча каражатын натыйжалуу пайдалануу максатында, 2023-жылда башталган курулуш жумуштарын тез арада бүткөрүү үчүн жана бул маселе боюнча айыл өкмөтүнүн адистеринин сунуштарын ар тараптан карап чыгып, талкуулап айылдык кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.Айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин кирешелер жана чыгашалар бөлүгү 1873,0 (бир миллион сегиз жүз жетимиш үч мин) сомго көбөйтүлсүн.

2.Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин Жети-Өгүз башкармалыгынан 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн 1873,0 (бир миллион сегиз жүз жетимиш үч мин) сомго көбөйтүп берүү жагы суралсын.

3.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө кошумча түшкөн 1873,0 (бир миллион сегиз жүз жетимиш үч мин) сом акча каражаты 70629 "ЖКХ" бөлүмүнүн 3111 "Башка курулмаларды капиталдык ремонт" статьясы аркылуу башталган курулуш иштерин бүткөрүү жумуштарына жумшалсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык Кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Иманалиевге жана айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

Айылдык кеңештин төрайымы Г.Чыныбаева